## Тема 4 боюнча тесттер

**1. Адамдык инсандуулук – бул …**

а) адамдын статусу коомдун мүчөсү катары мамилелери, жоопкерчилик алуу жана көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдөрү менен айырмаланат;
б) микрокосмос, микрокосмостун чагылышы;
в) гомосапиенстин өкүлү, анын биологиялык өзгөчөлүгү;
г) биологиялык жандык жана коомдун мүчөсү катары адамдын жеке өзгөчөлүктөрүнүн жыйындысы.

**2. Социалдашуу – бул** …

а) индивиддин социалдык чөйрөгө кирүү процесси, социалдык байланыш тутумуна катышуусу;
б) социалдык институттардын инсандуулукка карай максаттуу багытталган аракети;
в) инсандын керектөөлөрүн канааттандыруу процесси;
г) инсандын ички мотивациясы.

**3. Түзүмдүк-тутумдук ыкманын өкүлдөрү билдиришти …**

а) адамдын жүрүм-турумун - инсандын максаттуу мамилелеринин жана башка социалдык аракеттеринин жыйындысы түзөт;
б) адамдык инсандуулук - ар түрдүү элементтердин иерархиясын жана айрым өз ара аракеттеринин жыйындысын билдирет;
в) социалдык чөйрө инсан үчүн анын инстинктерине караганда бир топ маанилүү болуп саналат;
г) инсандын жеке сапаттары аны түзүүдө аныктоочу ролду ойнойт.

**4. Инсандын социалдык-психологиялык сапаттары …**

а) индивидуалдуу психологиялык өзгөчөлүктөрүн мүнөздөйт;
б) инсандын социалдык айкындуулук менен байланышын мүнөздөйт;
в) төрөлгөндөн берилген;
г) адамдын өмүрүнүн акырына чейин өзгөрүлбөйт.

**5. Жетекчилерди жана лидерлерди аныктоочу жалпы өзгөчөлүктөр:**

а) топтун мүчөлөрүнө формалдуу санкциялардын колдонуу;
б) кол алдындагылар менен ишенимдүүлүктө, аларды өбөлгөлөө жана шыктандыруу менен мамиле курат;
в) кол алдындагылар менен өз ара аракеттенүүдө тартиптин сакталышына артыкчылык кылат;
г) уюмдун кызматкерлерин өбөлгөлөө, айрым маселелерди чечүүгө багыттап туруу, бул маселелерди чечүүгө боло турган каражаттарга кам көрүү.

**6. Асоциалдык жүрүм-турум — бул жүрүм-турум, …**

а) социалдык нормаларды бузуу (жазык, административдик, үй-бүлөлүк);
б) белгилүү бир жактардын же бүтүндөй коомдун үрп-адаттарына, каада-салттарына ылайык келүү;
в) соцалдык ченемдерге ылайык келүү (жазык, административдик, үй-бүлөлүк).

**7. Социалдык орнотмолордун функциялары**

а) адамдын айлана-чөйрөсүнүн айкындуулугуна болгон мамилесинин рационалдуу деңгээлине өтүүсүн мүнөздөйт;
б) адамдардын аң-сезиминде алардын объективдүү жыргалчылыгы жана каалоолору, жашоо-аракеттеринин шарттары, индивиддердин активдүүлүгүнүн ички ойгонуулары чагылдырылат;
в) субъекттин социалдык жашоонун кубулуштарына карата реакция кылышынын белгилүү бир даярдыгын мүнөздөйт.

Жооптор:

**1** - а, **2** - а, **3** - б, **4** - б, **5** - г, **6** - а, **7** - в